№3
(3556)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2024-жылдын
12-январы

www.erkin-too.kg

# КЕЛЕЧЕКТИН ҮМҮТҮН ЖАНДЫРГАН 3 ЖЫЛ



2–5-беттерде

ИШЕНИМДҮҮ КАДАМ
www.erkin-too.kg

# ЭЛ КЫЗМАТЫНДА 3 ЖЫЛ

*Садыр Жапаров Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланганына 3 жыл болду. 2021-жылы 10-январдагы шайлоодо элдин 79,2 пайызынын добушун алып, жеңип чыккан.*



## БЮДЖЕТ

2020-жыл – 247 млрд сом
2021-жыл – 313 млрд сом
2022-жыл – 443 млрд сом
2023-жыл – 577 млрд сом



## ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКЦИЯ

2020-жыл – 601,8 млрд сом
2021-жыл – 723,1 млрд сом
2022-жыл – 919,4 млрд сом
2023-жыл – 1 трлн 79 млн сом




## САЛЫК

2020-жыл – 79 млрд сом
2021-жыл – 105,7 млрд сом
2022-жыл – 156 млрд сом
2023-жыл – 183,3 млрд сом




## БАЖЫ

2020-жыл – 28,9 млрд сом
2021-жыл – 46,9 млрд сом
2022-жыл – 74,3 млрд сом
2023-жыл – 107,6 млрд сом




## МЕКТЕП

3 жылда 214 мектеп салынып, жаңыланды.



## САЛАМАТТЫК САКТОО

Бюджети 37,3 млрд сомго өстү.
207 медициналык жабдуулар, 335 автоунаа алынды.
1-жолу Кыргыз-түрк ооруканасында бөйрөк алмаштыруу операциясы жасалды.




## ЖОЛ ТАРМАГЫ

1402 км жол асфальтталды.
298 даана жол куруу техникалары келди.
20 км темир жол салынды.
57,3 км учуп-конуу тилкелери курулду.



## АЙЫЛ ЧАРБАСЫ

43,1 млрд сом берилди.
Лизингге 2431 техника алынды.
Тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жай азыктары 61,9 млрд сомго өндүрүлдү.
Айыл чарба продукцияларынын экспорту 34 млрд сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# ЭЛ КЫЗМАТЫНДА
# 3 ЖЫЛ




## ТОО КЕН

Тоо кен тармагындагы чоң жеңиш – Кумтөр. 2022-2023-жылдардагы киреше 698,6 млн доллар. 50 тоннадан ашык алтын кампада турат.




## БАТКЕН

Өзгөчө статус берилди. Үч жылда облуска 3 млрд 726 млн 900 миң сом акча каражаты кирди. Капчыгай жана Достук айылдары – заманбап айылдарга айланды, Баткен бүгүн жаңыланды.



## ЧЕК АРА

Кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасын делимитациялоо процесси аяктады, кыргыз-тажик чек арасын тактоо иштери эки өлкөнүн дипломатиялык түшүнүгүчүлүк нугуна түштү.
Эки жылда 20 млрд сомдон ашык каражат жумшалды. Ок атуучу куралдар, учкучсуз учактар, брондолгон машиналар, КАМАЗдар сатылып алынды. 40 объект жаңы салынды.





## ӨКМ

Элди бөөдө кырсыктардан сактоо, алдын алуу, кесепеттерин жоюу үчүн ӨКМдин техникалары 100% жаңыланды, бюджети 4 эсеге көтөрүлдү, 1-жолу ӨКМ 3 вертолетко ээ болду. Жалпы 700 техника жаңырды. Мамлекеттик бюджеттен 1 млрд 422 млн сом бөлүндү.

## КОРГОО ЖАНА КООПСУЗДУК

Коргоо министрлигине 1-жолу зениттик-ракеталык комплекс сатылып алынды. Азыркы күндө 10 вертолет, 1 самолет иштеген абалга келди, бул абадан коргонуубузду камсыз кылат.







## ИИМ

Ар бир участкалык милицияга бирден планшет, бодикамералар сатылып берилди. 143 автотехника аймактарга кетти, 20 мобилдик автокомплекс ураган берилди. Санариптештирүү жаатында коомдук коопсуздук үчүн жасалма интеллект менен издөөдө жүргөн адамдарды табуучу 800дөн ашык видеокамера орнотулду.





## САНАРИПТЕШТИРҮҮ

Мамлекеттик башкаруу толугу менен электрондук документ жүгүртүүгө өттү. «Түндүк» мобилдик тиркемесине маалыматтар, справкалар, санариптик документтер, банктардын тиркемелери, каттоо, электрондук нотариат кеңири кирди.






## МАМЛЕКЕТТИК ИПОТЕКАЛЫК КОМПАНИЯ

МИКтин уставдык капиталы 13,5 млрд сомго жеткирилди. Наркы арзан жана элге жеткиликтүү шарттарда үйлөр курулууда. Бишкекте 6 миңден ашык квартира курулуп жатат. Бүт аймактар боюнча да үйлөр курулат.



ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

# Түркия менен тамырыбыз бир

Президент Садыр Жапаров Түркия Республикасынын тышкы иштер министри Хакан Фиданды кабыл алып, эки өлкө ортосундагы бардык багыттар боюнча эки тараптуу кызматташуунун өнүгүүсү боюнча баарлашты.



Ошону менен бирге тараптар Түркия Президенти Режеп Тайып Эрдогандын Кыргызстанга пландалып жаткан сапарын, ошондой эле анын алкагында эки тараптуу стратегиялык кызматташуунун Жогорку кеңешинин кезектеги отурумун өткөрүүнү талкуулашты.

Мындан тышкары, тараптар эки тараптуу күн тартибиндеги жана көп тараптуу өз ара аракеттенүү, анын ичинде саламаттык сактоо, энергетика жана каржы сектору, ошондой эле соода-экономикалык кызматташтык жана аймактык коопсуздук жаатындагы бир катар башка маселелерди талкуулашты.

# Билим менен бийиктикти багындырабыз

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров мамлекеттик жогорку окуу жайлардын ректорлору менен жыйын өткөрүп, облустардагы ЖОЖдор өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү планын иштеп чыгууда жергиликтүү бийлик органдары менен тыгыз иштешүүсү зарыл экенин белгиледи.

"Ар бир аймактык университет өзүнүн профессордук-окутуучулар курамын пайдаланып, өлкөнүн райондорун өнүктүрүү планын, ал гана эмес ар бир айыл өкмөттү өнүктүрүү планын даярдоосу керек. Илим экономиканы, өнөр жайды өнүктүрүүгө көмөктөшүшү зарыл, анализдеп, болжолдоп, дайыма бир кадам алдыда болушу керек. ЖОЖдор Президенттин аймактардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрү менен тыгыз иш алып баруу менен ректорлор ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн коллегиясынын курамына кириши керек. Баарыңыздарга маалым болгондой, өлкөдө ири инфраструктуралык долбоорлор ишке ашырыла баштады, 100гө жакын ишкананын ачылышы күтүлүүдө. Тиешелүү кадр резерви болушу керек, ошондуктан Билим берүү министрлиги жана ЖОЖдор муну өзгөчө эске алып, тиешелүү адистерди даярдоосу зарыл. IT тармагындагы адистерди даярдоого да өзгөчө көңүл буруу керек", – деген Акылбек Жапаров мамлекеттик органдарга бир катар тапшырмаларды берди.

# Жаздын камылгасы көрүлүүдө

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министри Бакыт Төрөбаевдин жетекчилиги алдында жазгы айдап-себүү иштерине даярдык көрүү иштери боюнча жыйын болуп, отурумга тиешелүү мамлекеттик органдардын жетекчилери, Президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, райондук администрация башчылары-акимдер катышты.



Өз сөзүндө Бакыт Төрөбаев кургакчыл климатка байланыштуу быйыл суунун аз болуусу күтүлүп жатканын билдирди. Ошол себептүү суу боюнча 100 ири иш-чара уюштурулат.

"2024-жылга 540,0 чакырым чарбалар аралык каналдар оңдолот. Ошондой эле, суткалык жана декадалык жөнгө салуу бассейндеринин курулушу арбын болот. Эскерте кетейин, өзгөчө район акимдери былтыркыдай Аламүдүн, Сокулук райондорундагыдай маселелер болбосун, эгер кайталанса жеке жооп бересиздер. Сугаруу иштери башталганга чейин тиешелүү сунуштарды киргизип, активдүү иш алып баргыла. "Элдик курулуш" ыкмасы аркылуу объекттерди оңдогула, мындан тышкары дыйкандар бириккен жерлерге сууну жеткирүү приоритет болот", – деди Бакыт Төрөбаев.

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары мындан тышкары дыйкандарды район акимдерине үрөндүн кандай түрү керек болсо ачык айтууга чакырды, мамлекет таап берүүгө даяр. Ал эми күйүүчү-майлоочу майдын кору өлкөдө жетиштүү экенин айтып, учурда Мамлекеттик материалдык резервдер фондунда 10 миң тонна бар экендигин кошумчалады. Ошондой эле отурумда эпизоотиялык абалды туруктуу кармоо жана малдан алынган эттин коопсуздугун сактоо маселеси каралып, мамлекеттик органдарга мал ылаңдарына каршы профилактикалык чараларды өз убагында жүргүзүп туруу тапшырмасын берди.

Жыйындын соңунда Бакыт Төрөбаев кайра иштетүү өнөр жай тармагы райондордо жандандаарын билдирди. Маселен, статистикага ылайык экспортко чыгууда Бишкек шаары менен Чүй облусу алдыда, ал эми райондорду өнүктүрүүнүн негизги экономикалык көрсөткүчтөрү төмөндөп кеткен. Ошол себептүү райондун акимдерине жана шаарлардын мэрлерине экономикалык көрсөткүчтөрдү жогорулатууга чараларды көрүүгө байланышкан бир катар тапшырмалар берилди.

Ага ылайык, квартал сайын акимдер жана мамлекеттик органдар өз-өзүнчө Президенттин Администрациясына бүгүнкү күндө демилгеленип ишке ашпай калган долбоорлор тууралуу, жаңыдан өндүрүш ишканаларынын ишке киргизилиши, жумуш орундарынын түзүлүшү, экспорт-импорт тууралуу маалыматтар, салык жана бажы төлөмдөрү, курулуш, энергетика тармагы да тиешелүү маалыматтарды берүүсү керек. Анын жыйынтыктары менен жергиликтүү жетекчилерге баа берилет.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 15-АПРЕЛИНДЕГИ №115 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Мамлекеттик үлүш катышкан айрым чарбалык коомдордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №115 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин маселелери жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

"$5^1$. Улуттук агенттик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча уставдык капиталында мамлекетке таандык акциялар (үлүштөр) бар чарбалык коомдордо акционердин (катышуучунун) ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат.";

- 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

мамлекеттин атынан акционер (катышуучу) болуп чыккан чарбалык коомдордун башкаруу органдарына шайлоо үчүн талапкерлер боюнча сунуштарды киргизүүгө;".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик өздөрүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыялanууга тийиш жана 2023-жылдын 20-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 20-декабры, ПЖ №347***

## ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕРИНЕ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ (МОРАТОРИЙ) КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Ишкердик субъекттеринин экономикалык ишин турукташтыруу, бизнес-чөйрөнү андан ары өнүктүрүүнү камсыз кылуу, инвестициялык климатты тартуу жана жакшыртуу, ошондой эле ишкердик субъекттеринин ишине мамлекеттик органдардын негизсиз жана ашыкча кийлигишүүлөрүн жоюу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Ишкердик субъекти тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган конкреттүү фактылар аныкталган учурда документтерди, материалдарды жана башка ырастоочу маалыматтарды тиркөө менен мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын суроо-талабы боюнча жүзөгө ашырылуучу текшерүүлөрдү кошпогондо, 2024-жылдын 31-декабрына чейин укук коргоо жана ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү ишкердик субъекттерин текшерүүлөргө мораторий киргизилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети укук коргоо, салык жана башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан прокуратура органдарында катталгандан кийин гана жүргүзүлүүчү ишкердик субъекттерин текшерүү эрежелерин регламенттөөчү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун үч айлык мөөнөттө иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы укук коргоо, салык жана ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдүн мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №380 "2023-жылдын 31-декабрына чейин ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салууну (мораторий) киргизүү жөнүндө" Жарлыгы күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бир айлык мөөнөттө ушул Жарлыктан келип чыгуучу чараларды көрсүн, ошондой эле өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

**6.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 9-январы, ПЖ №1***

# МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫ ЖҮГҮРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети**

Социалдык маанилүү продукцияларга кирүүчү жана адамдын ден соолугу менен өмүрүнө зыян келтирүү мүмкүндүгүнөн улам өзгөчө товар болуп эсептелүүчү, ташууда, өндүрүүдө, даярдоодо, сактоодо, сатууда, колдонууда/пайдаланууда, жок кылууда жана утилдештирүүдө өзгөчө контролду талап кылуучу медициналык буюмдарды жүгүртүүгө байланыштуу келип чыгуучу мамилелер ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети болуп саналат.

Ушул Мыйзам медициналык буюмдарды жүгүртүү субъекттеринин ишинин укуктук негизин түзөт, Кыргыз Республикасында медициналык буюмдарды жүгүртүүгө карата бирдиктүү талаптарды белгилейт, ошондой эле аларды иштеп чыгууга, клиникага чейинки (клиникалык эмес) жана клиникалык изилдөөлөргө (сыноолорго), өндүрүүгө, даярдоого, алардын сапатына, натыйжалуулугуна, коопсуздугуна баа берүүгө, медициналык буюмдарды сатууга жана аларды жүгүртүү чөйрөсүндөгү башка аракеттерге байланыштуу келип чыккан мамилелерди жөнгө салат.

**2-берене. Ушул Мыйзамдын колдонуу чөйрөсү**

1. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында медициналык колдонуу үчүн медициналык буюмдарды жүгүртүү тартибин аныктайт.

2. Ушул Мыйзамдын колдонулушу төмөнкүлөргө жайылтылбайт:

1) косметикалык продукцияга;

2) жеке коргонуу каражаттарына, өндүрүүчү (даярдоочу) тарабынан медициналык максатта пайдаланууга атайын багытталган каражаттарды кошпогондо;

3) in vitro диагностикасы үчүн медициналык буюмдарды кошпогондо, адамдан алынган ткандар, клеткалар, кан жана анын компоненттери камтылган же аларды колдонуу менен даярдалган продуктуларга;

4) адамдын жана жаныбарлардын трансплантациялоого багытталган тирүү ткандарына жана клеткаларына.

**3-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

**4-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылган негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **медициналык буюмдардын коопсуздугу** - адамдын өмүрүнө, ден соолугуна, айлана-чөйрөгө зыян келтирүүсү менен байланышкан жол берилгис тобокелдиктин жоктугу;

2) **Кыргыз Республикасынын медициналык буюмдарынын мамлекеттик реестри** - Кыргыз Республикасында медициналык колдонууга уруксат берилген медициналык буюмдарды эсепке алуу үчүн расмий электрондук документ;

3) **запастык бөлүк** - медициналык буюмдун оң абалын же бузулбай иштөөсүн сактоо же калыбына келтирүү максатында пайдаланылып жаткан ошол эле бөлүктү алмаштырууга багытталган медициналык буюмдун бөлүгү;

4) **медициналык буюмдун сапаты** - медициналык буюмдун касиеттеринин жана мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысынын өндүрүүчү тарабынан белгиленген багытына шайкеш келүү даражасы;

5) **медициналык буюмдарды комплекттөөчү** - медициналык буюм болуп кирбеген же медициналык буюмга таандык болбогон буюм, анын ичинде медициналык буюмду өндүрүүчү тарабынан медициналык буюмдун курамында же медициналык буюм менен бирге колдонууга багытталган блоктор, бөлүктөр, буюмдун элементтери, материалдар, запастык бөлүктөр;

6) **медициналык буюмдар** - медициналык максатта өз-өзүнчө же өз ара айкалышта, ошондой эле көрсөтүлгөн буюмдарды багыты боюнча колдонуу үчүн зарыл болгон кошумча буюмдар (анын ичинде атайын программалык камсыздоо) менен бирге колдонулуучу, өндүрүүчүсү оорулардын алдын алуу, диагноздоо, дарылоо, медициналык реабилитациялоо жана организмдин абалына мониторинг жүргүзүү, медициналык изилдөөлөрдү жүргүзүү, организмдин анатомиялык түзүмүн же физиологиялык функцияларын калыбына келтирүү, алмаштыруу, өзгөртүү, кош бойлуулуктун алдын алуу же бойдон алдыруу үчүн арнап чыгарган, функциялык мааниси адамдын организмине фармакологиялык, иммунологиялык, генетикалык же метаболикалык таасир этүү жолу менен ишке ашырылбай турган ар кандай аспаптар, аппараттар, приборлор, жабдуулар, материалдар жана башка буюмдар;

7) **in vitro диагностикасы үчүн медициналык буюмдар** - медициналык максатта өз-өзүнчө же бирге, ошондой эле аларды багыты боюнча колдонуу үчүн зарыл болгон кошумча буюмдар жана атайын программалык камсыздоолору менен бирге колдонулуучу жана өндүрүүчү тарабынан: физиологиялык же патологиялык (тубаса патология, белгилүү бир клиникалык абалга же ооруга болгон жакындыгы) абалына, потенциалдуу реципиент менен ткандардын шайкештигине, терапиялык таасирлерге жооп кайтарууну болжолдоого, терапевттик каражаттарды тандоого жана/же дарылоону контролдоого карата маалымат алуу үчүн адамдын биологиялык материалдарынын үлгүлөрүн in vitro изилдөөлөрүнө багытталган ар кандай аспаптар, аппараттар, куралдар, жабдуулар, материалдар, реагенттер, калибраторлор, контролдук материалдар жана башка буюмдар;

8) **Жашоо үчүн маанилүү медициналык буюмдардын улуттук тизмеги** - ооруларды алдын алуу жана дарылоо максатында саламаттык сактоонун артыкчылыктуу керектөөлөрүн камсыз кылуучу медициналык буюмдардын тизмеги;

9) **жагымсыз окуя (инцидент)** - медициналык буюмдун ар кандай бузулушу жана/же мүнөздөмөлөрүнүн начарлашы же иштебей бузулуп калышы, же медициналык буюмдун коштоочу маалыматынын (документтеринин) жетишсиздиги же болбосо туура эместиги, же пайдалануучулардын же үчүнчү жактардын өлүмүнө же ден соолугунун абалынын олуттуу начарлашына түздөн-түз же кыйыр алып келген же алып келиши мүмкүн болгон колдонуу боюнча нускамада көрсөтүлбөгөн кошумча таасири (мында ден соолук абалынын олуттуу начарлашы деп өмүргө коркунуч жараткан оору, организмдин функциясынын туруктуу жабыркоосу же дене түзүлүшүнүн орду толгус бузулушу, түйүлдүктүн функциялык бузулушу, анын өлүмү, тубаса аномалия же тубаса травма, өмүргө коркунуч жараткан оорунун же госпиталдаштырууну же госпиталдаштырылган бейтаптын стационарда болуу мөөнөтүн кыйла узартууну талап кылган, организмдин функциясынын туруктуу жабыркоосун, же дене түзүлүшүнүн орду толгус бузулушун алдын алуу максатында медициналык же хирургиялык кийлигишүүнү талап кылган абал түшүнүлөт);

10) **сапатсыз медициналык буюм** - медициналык буюмдардын коопсуздугунун жана натыйжалуулугунун жалпы талаптарына, аларды маркировкалоого, алардын техникалык жана пайдалануу документтерине коюлган талаптарга шайкеш келбеген жана өндүрүүчү (даярдоочу) тарабынан белгиленген багыт боюнча коопсуз пайдаланууга мүмкүн болбогон медициналык буюм;

11) **медициналык буюмдарды жүгүртүү** - медициналык буюмдарды долбоорлоо, иштеп чыгуу, тажрыйбалык үлгүлөрүн жасоо, техникалык сыноолорду, биологиялык таасирине баа берүү максатында изилдөөлөрдү (сыноолорду), клиникалык сыноолорду жүргүзүү, медициналык буюмдардын коопсуздугуна, сапатына жана натыйжалуулугуна экспертиза жүргүзүү, токсикологиялык изилдөөлөрдү (зарыл болгон учурда) жүргүзүү, медициналык буюмдарды каттоо, сапатына жана коопсуздугуна баа берүү, өндүрүү (даярдоо), сактоо, ташуу, сатуу, монтаждоо, жөндөө, колдонуу (пайдалануу), техникалык тейлөө, оңдоо жана утилдештирүү;

12) **медициналык буюмдун үлгүсү** - техникалык жана/же клиникалык сыноолорду жүргүзүүгө багытталган медициналык буюм;

13) **медициналык буюмдарды өндүрүүчү** - медициналык буюмду иштеп чыгууга жана даярдоого жоопту жеке ишкер катары катталган, медициналык буюм ошол адам тарабынан же анын атынан башка адам (адамдар) тарабынан иштелип чыкканына жана/же жасалганына карабастан, аны өз атынан пайдалануу үчүн жеткиликтүү кылуучу жана медициналык буюмдун коопсуздугу, сапаты жана натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилик алуучу юридикалык жак же жеке адам;

14) **медициналык буюмдарга чыгымдалуучу материалдар** - медициналык буюмдун функциялык багытына ылайык манипуляция жүргүзүүнү камсыз кылуучу медициналык буюмдарды пайдаланууда чыгымдалуучу буюмдар жана материалдар;

15) **каттоо досьеси** - медициналык буюмду каттоодо же медициналык буюмдун каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүүдө арыз ээси тарабынан берилүүчү белгиленген түзүлүштөгү документтердин жана материалдардын комплектиси, ошондой эле конкреттүү медициналык буюмга тиешеси бар чечимдердин түп нускалары жана/же көчүрмөлөрү;

16) **каттоо ырастамасы** - Кыргыз Республикасынын аймагында медициналык буюмдун катталган фактысын тастыктоочу жана медициналык колдонуу үчүн уруксат катары саналуучу, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү белгиленген формадагы документ;

17) **стратегиялык маанилүү дары каражаттары жана медициналык буюмдар** - согуш аракеттери, өзгөчө кырдаал келип чыкканда, өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен жабыр тарткан адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнү уюштуруу шарттарында медициналык колдонуу үчүн, айланадагыларга кооптуулук жаратуучу өзгөчө кырдаалдарды эскертүү, оорулардын алдын алуу жана дарылоо, ошондой эле химиялык, биологиялык, радиациялык жагымсыз факторлордун таасиринин кесепетинен чыккан оорулардын жана жабыркоолордун алдын алуу жана дарылоо үчүн багытталган дары каражаттары жана медициналык буюмдар;

18) **медициналык буюмдарды жүгүртүү субъекттери** - медициналык буюмдарды жүгүртүүнү жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактар;

19) **фальцификацияланган (жасалма) медициналык буюм** - курамы, мүнөздөмөлөрү жана/же өндүрүүчүсү жөнүндө атайылап жалган маалымат менен коштолгон медициналык буюм;

20) **фармацевтикалык иш** - дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды ташып келүү, ташып чыгуу, сактоо, маркировкалоо, ташуу, бөлүштүрүү, колдонуу жана жок кылуу менен байланышкан дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды өндүрүү, дүңүнөн сатуу (дистрибьюциялоо), чекене сатуу, даярдоо жана берүү боюнча дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө жүзөгө ашырылуучу иштин түрлөрү;

21) **медициналык буюмдун натыйжалуулугу** - медициналык буюмдун өндүрүүчү тарабынан аныкталган багытына шайкеш келүү жарамдуулугу.

Башка терминдердин аныктамалары ушул Мыйзамдын айрым беренелеринде камтылган.

### 2-глава. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн мамлекеттик жөнгө салуу

**5-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу**

Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу төмөнкүдөй жолдор менен жүзөгө ашырылат:

1) Кыргыз Республикасынын калкын сапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз медициналык буюмдар менен камсыз кылуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясат жүргүзүү;

2) саламаттык сактоо системасынын керектөөлөрүнө жооп берүүчү медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу, кабыл алуу жана аткаруу:

3) медициналык буюмдардын бааларын жөнгө салуунун натыйжалуу саясатын аныктоо;

4) контролдоо-көзөмөлдөө/жөнгө салуу органдарынын жана медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүнүн иш субъекттеринин ишин регламенттөөчү ченемдик укуктук актыларды жана стандарттарды иштеп чыгуу, кабыл алуу жана аткаруу;

5) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү ишти лицензиялоо;

6) медициналык буюмдарды мамлекеттик каттоо;

7) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн мамлекеттик контролдоо жана көзөмөлдөө;

8) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө талаптагыдай фармацевтикалык практикалардын/стандарттардын/эрежелердин сакталышын контролдоо;

9) Кыргыз Республикасында колдонууга уруксат берилген бардык медициналык буюмдар жөнүндө маалыматка калктын эркин жетүүсүн камсыз кылуу;

10) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө электрондук башкарууну киргизүү;

11) ушул Мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыларда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде белгиленген башка чараларды көрүү.

**6-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери**

Жарандардын саламаттыгын сактоого багытталган медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат;

1) сапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз медициналык буюмдардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана аларды сарамжалдуу пайдалануу жолу менен жарандардын ден соолугун чыңдоо;

2) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө туруктуу жана ак ниет иш жүргүзүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук базаны түзүү;

3) фармацевтика өнөр жайын туруктуу өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жана медициналык буюмдардын ата мекендик өндүрүшүн колдоо;

4) медициналык буюмдар жөнүндө анык маалыматтын жеткиликтүүлүгү;

5) дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуу боюнча талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын принциптерин сактоо;

6) талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын принциптерин сактоонун негизинде мамлекеттик жөнгө салуунун ачык-айкындуулугу жана отчеттуулугу;

7) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө жеткиликтүү баа саясатын түзүү.

**7-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу системасында электрондук башкаруу**

1. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу системасында электрондук башкаруу ушул Мыйзамдын жана электрондук башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген бөлүгүндөгү талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Медициналык буюмдарды каттоо, каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүү, Медициналык буюмдардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү, медициналык буюмдардын сапатына жана/же коопсуздугуна баа берүү, медициналык буюмдарды ташып келүү (импорттоо), дүңүнөн жана чекене сатуу, фармацевтикалык инспекциялоо жана санариптик маркировкалоонун негизинде медициналык буюмдарга байкоо жүргүзүүнү камсыз кылуу жол-жоболорунда электрондук башкарууну киргизүү милдеттүү болуп саналат.

3. Кыргыз Республикасында колдонууга уруксат берилген медициналык буюмдар боюнча электрондук (маалыматтык) маалымат базасын түзүү жана иштетүү, ошондой эле медициналык буюмдарга байкоо жүргүзүү толук автоматташтыруу шарттарында жүзөгө ашырылат.

4. Санариптик маркировкалоонун негизинде медициналык буюмдарга байкоо жүргүзүү системасын иштеп чыгуу, киргизүү жана иштетүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары - Министрлер Кабинети) аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат.

**8-берене. Медициналык буюмдардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу**

1. Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасында туруктуу жашап жаткан, ошондой эле убактылуу жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) сапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз медициналык буюмдардын жеткиликтүүлүгүнө;

2) эксперттик органдардын жана уюмдардын медициналык жардам көрсөтүүдө пайдаланылган медициналык буюмдардын коопсуздугу, натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө корутундусун алуу үчүн аларга кайрылууга.

2. Медициналык буюмдардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү дары каражаттары жана медициналык буюмдар менен Кыргыз Республикасынын калкын камсыз кылуунун жалпы мамлекеттик программалары иштелип чыгат жана ишке ашырылат.

3. Медициналык жардамдын натыйжалуу түрлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана мамлекеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдалануу максатында Министрлер Кабинети тарабынан Жашоо үчүн маанилүү медициналык буюмдардын улуттук тизмеги бекитилет, ал эки жылда кеминде бир жолу кайра каралат.

Жашоо үчүн маанилүү медициналык буюмдардын улуттук тизмегин түзүү тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жарандарын согуш аракеттери, өзгөчө кырдаал шарттарында зарыл болгон медициналык буюмдар менен камсыз кылуу үчүн, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен жабыр тарткан адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнү уюштуруу үчүн, айланадагыларга кооптуулук жаратуучу өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, оорулардын алдын алуу жана дарылоо, ошондой эле химиялык, биологиялык жана химиялык жагымсыз факторлордун таасиринин кесепетинен чыккан оорулардын жана жабыркоолордун алдын алуу жана дарылоо үчүн саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Стратегиялык маанилүү дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын тизмеги бекитилет.

4. Медициналык буюмдардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн калктын чыгымдарын чектөө жолу менен саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Баалары жөнгө салынууга тийиш болгон медициналык буюмдардын тизмегин түзөт.

Медициналык буюмдардын бааларын жөнгө салуу эрежелери, ошондой эле тизмеге киргизүү жана андан чыгаруу критерийлери Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

5. Кыргыз Республикасынын аймагында катталбаган медициналык буюмдар менен калктын керектөөсүн камсыз кылуу үчүн саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында каттоосуз ташып келүүгө жана медициналык колдонууга убактылуу уруксат берилген медициналык буюмдардын атайын тизмеги бекитилет.

Атайын тизмекти түзүү тартиби, ага медициналык буюмдарды киргизүү жана андан чыгаруу критерийлери Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

### 3-глава. Медициналык буюмдарды изилдөө (сыноо)

**9-берене. Медициналык буюмдарды изилдөө (сыноо)**

1. Медициналык буюмдарды техникалык изилдөөлөрдөн (сыноолордон), биологиялык таасирине баа берүү изилдөөлөрүнөн (сыноолорунан), клиникалык жана клиникалык-лабораториялык изилдөөлөрдөн (сыноолордон) өтөт.

2. Медициналык буюмдарды техникалык изилдөөлөр (сыноолор) өндүрүүчү тарабынан белгиленген багытына ылайык пайдаланууда медициналык буюмдун сапатын жана коопсуздугун текшерүү максатында жүргүзүлөт.

Медициналык буюмдарды техникалык изилдөөлөр (сыноолор) техникалык сыноолорду жүргүзүүгө укугу бар сыноо лабораторияларында (борборлорунда) жүргүзүлөт.

(Уландысы 8-бетте)

# МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫ ЖҮГҮРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 7-бетте)*

In vitro диагностикасы үчүн медициналык буюмдарга (реагенттер, реагенттер комплекттери) карата техникалык изилдөөлөр (сыноолор) жүргүзүлбөйт.

3. Биологиялык таасирине баа берүүнү изилдөө (сыноо) адамдын денесинин үстү, анын былжырлуу чел кабыкчасы, организмдин ички чөйрөлөрү менен түздөн-түз же кыйыр байланышта болуучу медициналык буюмдарга жана/же аларга тиешелүү буюмдарга карата жүргүзүлөт, алар үчүн көрсөтүлгөн өз ара аракеттенүү (контакт) алардын функцияларын аткаруу үчүн зарыл болуп саналат.

Биологиялык таасирине баа берүүнү изилдөөлөр (сыноолор) биологиялык таасирине баа берүүнү изилдөөлөр (сыноолор) жүргүзүүгө укугу бар сыноо лабораторияларында (борборлорунда) жүргүзүлөт.

4. In vitro диагностикасы үчүн медициналык буюмду клиникалык-лабораториялык изилдөөлөр (сыноолор) өндүрүүчү белгилеген багытына медициналык буюмдун шайкештигин аныктоо же тастыктоо максатында жүргүзүлөт.

In vitro диагностикасы үчүн медициналык буюмдарды клиникалык-лабораториялык изилдөөлөр (сыноолор) бейтаптардын биоматериалынын үлгүлөрүн колдонуу менен лабораториялык шарттарда жүргүзүлөт.

5. Клиникалык изилдөөлөр (сыноолор) сыноо субъекти катары адамдын изилденүүчү (сыналуучу) медициналык буюмдун коопсуздугун жана/же натыйжалуулугун жана/же аны колдонуу менен байланышкан диагностикалоо же дарылоо методун изилдөө максатында катышуусунда жүргүзүлөт.

Клиникалык изилдөөлөр (сыноолор) клиникалык изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүгө укугу бар саламаттык сактоо уюмдарында жүргүзүлөт. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган клиникалык изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүгө укуктуу саламаттык сактоо уюмдарынын реестрин жүргүзөт жана аны өзүнүн расмий сайтында жарыялайт.

Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган клиникалык изилдөөнүн (сыноонун) материалдарына экспертиза жүргүзөт. Жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыгы боюнча саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арыз ээсине клиникалык изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүгө уруксат берет же ага жазуу жүзүндө кабарлоо менен уруксат берүүдөн баш тартат.

Клиникалык изилдөөлөрдүн (сыноолордун) материалдарына экспертиза жүргүзүү арыз ээсинин каражаттарынын эсебинен акы төлөө негизинде жүргүзүлөт.

Клиникалык изилдөөлөрдүн (сыноолордун) материалдарына экспертиза жүргүзүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартиби Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

6. Медициналык буюмду клиникалык изилдөөлөр (сыноолор) клиникалык изилдөөлөргө (сыноолорго) катышуучу адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч жаралган учурда токтотулууга тийиш.

Клиникалык изилдөөнүн (сыноонун) катышуучуларынын ден соолугуна жана клиникалык изилдөөнү (сыноону) жүргүзүүдө адамдардын өлүмүнүн натыйжасында залал алган адамдарга келтирилген зыяндын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

7. Медициналык буюмдарды изилдөөлөр (сыноолор) Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипке ылайык, же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүргүзүлөт.

8. Медициналык буюмга изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүү тартибин бузуу укук бузуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

### 10-берене. Медициналык буюмдарды клиникалык изилдөөлөргө (сыноолорго) катышуучу адамдардын укуктары

1. Медициналык буюмдарды изилдөөлөргө (сыноолорго) катышуучу адамдардын кызыкчылыктары илимдин жана коомдун кызыкчылыктарынан басымдуу болуп саналат.

2. Медициналык буюмдарды клиникалык изилдөөлөргө (сыноолорго) адамдардын катышуусу ыктыярдуу болуп саналат. Клиникалык изилдөөнү (сыноону) жүргүзүү үчүн жеке адамдын клиникалык изилдөөгө (сыноого) катышууга жазуу жүзүндөгү макулдугу милдеттүү болот.

3. Медициналык буюмду клиникалык изилдөөгө (сыноого) катышуучу адамга төмөнкүлөр маалымдалууга тийиш:

1) медициналык буюмдун функциялык багыты жана медициналык буюмду изилдөөлөрдүн (сыноолордун) маңызы жөнүндө;

2) медициналык буюмдун күтүлүүчү натыйжалуулугу, коопсуздугу, аны колдонуу менен байланышкан тобокелдик даражасы жөнүндө;

3) медициналык буюмду изилдөөгө (сыноого) катышуучу адамдын ден соолугун камсыздандыруунун шарттары жөнүндө;

4) клиникалык изилдөөгө (сыноого) катышуучу адамдын укуктары жана милдеттери жөнүндө;

5) клиникалык изилдөөгө (сыноого) катышуучу адам клиникалык изилдөө (сыноо) убагында анын ден соолугуна зыян келтирилген учурда эсеп кылына турган компенсация жана/же дарылоо жөнүндө;

6) эгерде каралган болсо, изилдөөгө (сыноого) катышуучу жакка төлөмдөрдүн өлчөмү жөнүндө.

4. Медициналык буюмду клиникалык изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүдө медициналык буюмду клиникалык изилдөөлөргө (сыноолорго) катышуучу адамдын өмүрүн, ден соолугун камсыздандыруу милдеттүү. Камсыздандыруу клиникалык изилдөө (сыноо) жүргүзүүчү тараптын, же болбосо Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте каржылоочу тараптын эсебинен жүргүзүлөт.

5. Медициналык буюмду клиникалык изилдөөгө (сыноого) катышуучу адам изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүнүн ар кандай баскычында ага катышуудан баш тартууга укуктуу.

6. Төмөнкүлөргө медициналык буюмдарды изилдөөлөрдү (сыноолорду) жүргүзүүгө тыюу салынат:

1) жашы жете электерге;

2) кош бойлуу аялдарга, төрөттөн кийинки мезгилдеги аялдарга (төрөттөн кийин алты жумага чейин);

3) аскер кызматчыларына;

4) эркиндигинен ажыратуу жайларында жазасын өтөп жаткан адамдарга, тергөө камак жайларында жаткан адамдарга;

5) психикалык оорусу бар жана/же мыйзамда белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга.

7. Клиникалык изилдөөлөргө (сыноолорго) катышуучу адамдар же алардын кызыкчылыктарын билдирүүчү адамдар ыйгарым укуктуу уюмдардын кызматкерлеринин аракеттерине сот тартибинде даттанууга укуктуу.

8. Клиникалык изилдөөгө (сыноого) катышуу тууралуу жеке адамдын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугусуз клиникалык изилдөө (сыноо) жүргүзүү Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

### 4-глава. Медициналык буюмдардын сапатын, натыйжалуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

### 11-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө талаптагыдай жөнгө салуу практикасы

1. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуу Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын эрежелерине же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген башка эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын эрежелери Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун тиешелүү колдонмолорунун же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин алкагында кабыл алынган жөнгө салуу практикасынын башка эквиваленттүү колдонмолорунун (стандарттарынын) базасында иштелип чыгат.

3. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуу сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү жана колдоо шарттарында талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын эрежелерине ылайык жүзөгө ашырылат.

4. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган сапатты камсыз кылуу системасын киргизет жана баа берүүнүн жыйынтыктарын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жарыялоо менен талаптагыдай жөнгө салуу практикасынын талаптарынын жана принциптеринин шайкештигине баа берүүнү жылына бир жолудан кем эмес жүргүзөт.

### 12-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуу системасын каржылоо

1. Медициналык буюмдарды жүгүртүүнү жөнгө салуу системасы арыз ээлерине ушул Мыйзамга ылайык көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн, ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген каржылоонун башка булактарынын, ошондой эле өндүрүүчүлөрдөн/даярдоочулардан же өндүрүүчүлөрдүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн алынуучу максаттуу ар жылдык төлөмдөрдүн эсебинен төмөнкүлөр каржыланат:

1) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуу боюнча саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сапат менеджментинин системасын кошуп алганда, талаптагыдай жөнгө салуу практикасын иштеп чыгуу, киргизүү жана иштетүү үчүн;

2) медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүн жөнгө салуунун улуттук системасынан медициналык буюмдардын жалпы рыногун түзүү боюнча Евразия экономикалык биримдигинин актыларынын алкагында жөнгө салуу системасына өтүүсүн камсыз кылуу үчүн;

3) медициналык буюмдарды жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу системасында электрондук башкарууну иштеп чыгуу, киргизүү жана иштетүү, анын ичинде байкоо жүргүзүү максатында медициналык буюмдардын маалымат базасын түзүү, колдоо жана аларды маркировкалоо үчүн;

4) ушул Мыйзамда, башка ченемдик укуктук актыларда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде белгиленген башка иштерди жана чараларды жүргүзүү үчүн.

2. Ар жылдык төлөмдү алуу тартиби жана анын өлчөмү, ошондой эле ар жылдык төлөмдөн бошотуу критерийлери Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

### 13-берене. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү ишти лицензиялоо

1. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү иш, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү лицензия болгондо, ушул Мыйзамдын жана лицензиялык-уруксат берүү системасы чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген бөлүгүндөгү талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү иштин төмөнкүдөй түрлөрү лицензияланууга тийиш: медициналык буюмдарды өндүрүү, медициналык буюмдарды дүңүнөн сатуу (дистрибьюциялоо), медициналык буюмдарды чекене сатуу, медициналык буюмдарды даярдоо.

Лицензиянын бланкында лицензияланучу фармацевтикалык иштин түрү көрсөтүлөт.

Лицензияда иш жүргүзүлүп жаткан объекттин иш жүзүндөгү дареги көрсөтүлөт. Лицензияда көрсөтүлгөн объекттин дарегин өзгөртүү лицензияны кайра жол-жоболоштуруу үчүн негиз болуп саналат.

Фармацевтикалык иш лицензияда көрсөтүлгөн дарек боюнча гана жүргүзүлүүгө тийиш.

Лицензиат тарабынан иш жүргүзүү орду өзгөргөндө (башка жерге, башка объектке кетүү, көчүү) жаңы лицензия алганга чейин жаңы объектте фармацевтикалык ишти жүзөгө ашырууга тыюу салынат.

Лицензиат тарабынан бир нече ажыратылган объекттерде медициналык буюмдарды дүңүнөн жана чекене сатуу жүргүзүлгөн учурда ар бир объектке өзүнчө лицензия берилет.

3. Фармацевтикалык ишти уюштурууга карата лицензиялык талаптар, анын ичинде тиешелүү материалдык-техникалык базанын болушу, персоналдын квалификациясы жана квалификациялуу персоналдын саны, ошондой эле лицензиялык контроль жүргүзүү тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

4. Лицензиясыз иш жүргүзүүчү субъекттер укук бузуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

### 14-берене. Медициналык буюмдарды мамлекеттик каттоо жана каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүү

1. Эгерде медициналык буюмдар мамлекеттик каттоо жол-жобосунан өткөрүлсө, ушул Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, алар Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келет, өндүрүлөт, сатылат жана колдонулат.

2. Медициналык буюмдарды мамлекеттик каттоо Кыргыз Республикасынын аймагында медициналык буюмдарды медициналык колдонуу үчүн уруксат алуу процесси болуп саналат.

Чет өлкөлүк өндүрүштөгү медициналык буюмдардын Кыргыз Республикасында мамлекеттик каттоодо өндүрүүчү өлкөдө же башка өлкөлөрдө медициналык буюм катары жүгүртүү жөнүндө тастыктамасынын болуусу жана медициналык буюмдарды колдонуунун потенциалдуу тобокелдиги классын эске алуу менен алардын коопсуздугу, сапаты жана натыйжалуулугу жөнүндө оң эксперттик баа берүүнүн болуусу тийиш.

Медициналык буюмдун өндүрүүчүсү/өндүрүүчүсүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү катталган медициналык буюмду каттоодо берилген маалыматтарга карата бардык өзгөртүүлөр жөнүндө, бул өзгөртүүлөрдүн себептери жана алардын медициналык буюмдун натыйжалуулугуна, коопсуздугуна, сапатына карата мүмкүн болуучу таасири тууралуу толук маалыматты саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга билдирүүгө милдеттүү.

Каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүү каттоо ырастамасын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде каттоо досьесине киргизилүүчү өзгөртүүлөргө экспертиза жүргүзүүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

3. Медициналык буюмдарды каттоо, каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби, коопсуздукка, сапатка жана натыйжалуулукка карата жалпы талаптар, колдонуунун мүмкүн болуучу тобокелдигине жараша медициналык буюмдарды классификациялоо эрежелери, медициналык буюмдардын номенклатурасын жүргүзүү, медициналык буюмдардын коопсуздугуна, сапатына жана натыйжалуулугуна экспертиза жүргүзүү, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкасы каралбаса, Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

4. Мамлекеттик каттоо жана каттоо досьесине өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн төлөмдүн өлчөмүн аныктоо тартиби Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

5. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү программалардын алкагында эл аралык донордук жардам багыты боюнча келүүчү медициналык буюмдарды, ошондой эле Министрлер Кабинети менен келишим (макулдашуу, меморандум) түзгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан уюштурулган уюмдар (өкүлчүлүктөр) аркылуу сатып алынган медициналык буюмдарды каттоодо, арыз ээси Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартипте медициналык буюмдарды каттоо менен байланышкан чыгымдарды төлөөдөн бошотулат.

6. Ташып чыгуу (экспорттоо) максатында гана Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн медициналык буюмдар үчүн ушул березенин 1-бөлүгүнүн талаптары жайылтылбайт. Мындай медициналык буюмдар ыктыярдуу негизде катталышы мүмкүн.

### 15-берене. Медициналык буюмду мамлекеттик каттоо жөнүндө каттоо ырастамасы

1. Медициналык буюмдарды каттоо Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартипте медициналык буюмдун мамлекеттик катталгандыгы жөнүндө каттоо ырастамасын (мындан ары - каттоо ырастамасы) берүү менен тастыкталат.

2. Каттоо ырастамасы мөөнөтсүз берилет.

3. Каттоо ырастамасынын колдонулушун токтото туруу саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:

1) каттоодон кийинки мезгилде медициналык буюмдардын коопсуздугуна, сапатына жана натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча - коомдун саламаттыгына потенциалдуу олуттуу тобокелдик аныкталганда;

2) медициналык буюмдарды жүгүртүүнү мамлекеттик контролдоонун натыйжалары боюнча - медициналык буюмдарды колдонууда жана пайдаланууда жарандардын жана медициналык кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч жараткан фактылар жана жагдайлар болгондо.

Арыз ээси саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттүн ичинде каттоо ырастамасынын колдонулушун токтото турууга алып келген жагдайларды жоюуга милдеттүү.

4. Каттоо ырастамасынын колдонулушун жокко чыгаруу жөнүндө чечимди кабыл алууга төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

1) медициналык буюмду каттоодо арыз ээси тарабынан анык эмес маалыматтар берилген учурлардын табылышы;

2) соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими;

3) медициналык буюмду колдонуу же пайдалануу менен байланышкан тобокелдиктердин андан алынган пайдага Караганда тобокелдиги үстөмдүк кылышы жөнүндө жаңы системалык маалыматтардын алынышы жана тастыкталышы;

4) каттоо ырастамасынын колдонулушун токтото турууга алып келген жагдайлардын жоюлбагандыгы.

5. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкасы каралбаса, каттоо ырастамасынын колдонулушун токтото туруу жана жокко чыгаруу Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

### 16-берене. Кыргыз Республикасында каттоосуз колдонууга уруксат берилген медициналык буюмдар

Кыргыз Республикасынын аймагында төмөнкүлөр мамлекеттик каттоодон өткөрүлбөөгө тийиш:

1) жеке пайдалануу үчүн гана жеке заказдар боюнча Кыргыз Республикасында жасалган медициналык буюмдар;

2) мамлекеттик каттоого багытталган медициналык буюмдардын үлгүлөрү;

3) медициналык буюмдардын стандарттык үлгүлөрү;

4) Кыргыз Республикасынын аймагына мурда ташылып келген медициналык буюмдардын запастык бөлүктөрү, комплекттөөчүлөрү жана аларга таандык буюмдар;

5) анатомиялык моделдер, медициналык муляждар, манекен-фантомдор;

6) жеке адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагына жеке пайдалануу үчүн ташылып келген медициналык буюмдар.

### 17-берене. Кыргыз Республикасынын медициналык буюмдарынын мамлекеттик реестри

1) **документ** – документтин ушул формасы үчүн белгиленген реквизиттери бар жазуу жүзүндөгү, аудиовизуалдык, акустикалык, электрондук, оптикалык же түздөн-түз кабыл алуу үчүн жарактуу ар кандай башка формада жазылган маалымат;

2) **маалымат** – ушул Мыйзамда аныкталган маалымат ээлеринин карамагында турган маалыматтын формасына же булагына карабастан адамдар, предметтер, фактылар, окуялар, кубулуштар жана процесстер жөнүндө ар кандай каражаттар менен жана ар кандай алып жүрүүчүдө жазылган маалымат (билдирүүлөр, маалыматтар);

3) **расмий документ** – мамлекеттик сектордун субъекттери тарабынан өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде түзүлгөн жана белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн төмөнкүдөй документ:

- ар кандай материалдык алып жүрүүчүлөрдө жазылган белгилүү бир окуяларды, кубулуштарды же фактыларды ырастоочу же күбөлөндүрүүчү маалыматты камтыйт;

- укуктарды берүүгө, милдеттерден бошотууга же укуктук мүнөздөгү башка натыйжаларды түзүүгө жөндөмдүү болгон;

- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин ыйгарым укуктуу адамдары, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн, берилген же күбөлөндүрүлгөн;

- мыйзамда аныкталган форманы сактоо менен түзүлгөн жана мыйзамда каралган реквизиттерди камтыган.

4) **маалымат ээлери** – ушул Мыйзамдын 11-беренесинде аныкталган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес сектордун субъекттери;

5) **маалымат алуу укугу** - ушул Мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоо менен ар бир адамдын маалыматты ар кандай формада жана ар кандай булактардан эркин издөө жана алуу укугу;

6) **маалыматты пайдалануучулар** – мамлекеттик сектордун субъекттерин кошпогондо, маалыматты сураган жана (же) пайдаланган жеке жана юридикалык жактар;

7) **веб-сайт** – Кыргыз Республикасынын интернет мейкиндигинде жеткиликтүү болгон маалыматтардын жыйындысын билдирген Интернет желесиндеги орун;

8) **мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий маалымат фонду** – мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалыматты пайдалануучулар таанышуусу үчүн ачык укуктук актылары, башка документтери жана материалдары;

9) **мамлекеттик сектор** – мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, оперативдүү башкаруу, чарба жүргүзүү жана/же өзүн-өзү каржылоо принциптеринде иштеген мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер жана ишканалар, ошондой эле катышуунун мамлекеттик же муниципалдык үлүшү бар башка юридикалык жактар.

**4-берене. Маалымат алуу укугун камсыз кылуунун кепилдиктери**

1. Мамлекет ар бир адамга маалымат ээсинин карамагында турган маалыматты ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана таратуу укугун кепилдейт.

2. Маалымат алуу укугу төмөнкүлөр менен кепилденет:

1) маалымат ээлеринин маалыматты берүүгө жана жарыялоого милдеттүүлүгү менен;

2) өздөрү ээлик кылган маалыматты алууну белгиленген тартипте уюштуруучу атайын түзүмдүк бөлүмдөрдү же кызмат адамдарын маалымат ээлери деп аныктоо менен;

3) маалыматты суратуу жана алуу жол-жоболорун мүмкүн болушунча жөнөкөйлөштүрүү менен;

4) мамлекеттик сектордун субъекттеринин коллегиялык органдарынын ачык жыйналыштарына катышуу менен;

5) маалымат алуу укугунун сакталышына парламенттик, коомдук жана мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу менен;

6) маалымат алуу жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу менен;

7) маалымат алуу укугун натыйжалуу ишке ашырууга багытталган башка чаралар менен.

**5-берене. Маалымат алуу укугун камсыз кылуунун принциптери жана ишке ашыруунун максаттары**

1. Маалымат алуу укугун камсыз кылуу төмөнкү принциптерге негизделет:

1) мыйзамдуулук;

2) маалымат ээлеринин ишинин ачыктыгы жана айкындыгы;

3) жалпыга жеткиликтүүлүк, аныктыгы жана толук болушу;

4) актуалдуулук жана өз убагында аткаруу;

5) маалымат алуу укугунун теңдиги;

6) жеке жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо.

2. Маалымат алуу укугун ишке ашыруунун максаттары болуп төмөнкүлөр саналат;

1) сөз жана пикир эркиндигин бекемдөө;

2) маалымат ээлеринин карамагында турган маалыматты ар бир адамдын тез жана бирдей алуусу үчүн шарттарды түзүү;

3) мамлекеттик сектордун субъекттерине карата калктын ишенимин бекемдөө;

4) коррупцияны, кылмыштардын жана укук бузуулардын башка түрлөрүн, ошондой эле ак ниетсиз мамлекеттик башкаруу фактыларын аныктоого жана бөгөт коюуга көмөк көрсөтүү;

5) маалымат ээлеринин отчеттуулугун жогорулатуу;

6) мамлекеттик сектордун субъекттери тарабынан коомдук-укуктук милдеттердин аткарылышын коомчулук тарабынан контролдоо.

### 2-глава. Маалымат мамилелердин объекти катары жана аны алуу тартиби

**6-берене. Маалымат алуу укугун камсыз кылуунун жолдору**

1. Маалымат алуу укугун камсыз кылуунун жолдору болуп төмөнкүлөр саналат:

1) суроо-талап боюнча маалыматты берүү;

2) мамлекеттик сектордун субъекттеринин иши жөнүндө маалыматты төмөнкүдөй жолдор менен системалуу жана ыкчам түрдө ачыкка чыгаруу (жарыялоо), таратуу:

а) расмий басылмаларда;

б) жалпыга маалымдоо каражаттарында;

в) Интернет желесиндеги расмий сайттарда;

г) маалымат ээлери ээлеген жайларда жана ушул максаттар үчүн бөлүнүп берилген башка жерлерде;

д) мыйзамдар тыюу салбаган башка ар кандай ыкмалар менен;

3) жалпыга маалымдоо каражаттарында кабыл алынган чечимдер боюнча, анын ичинде жеке жана/же юридикалык жактарга жаңы милдеттерди жүктөгөн же болбосо жоопкерчиликти белгилеген же күчөткөн ченемдик укуктук актылар жөнүндө мамлекеттик сектордун субъекттеринин маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсү;

4) документтерди жана материалдарды түздөн-түз алууну мамлекеттик сектордун субъектинин камсыз кылуусу;

5) мамлекеттик сектордун субъекттеринин коллегиялык органдарынын ачык жыйналыштарына эркин катышуу.

2. Мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды расмий жарыялоо аларды расмий жарыялоонун тартиби белгиленген мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

**7-берене. Жалпыга жеткиликтүү маалымат жана ачык маалыматтар**

1. Эгерде маалымат алуу мүмкүндүгү ушул Мыйзамга ылайык чектелбесе, маалымат жалпыга жеткиликтүү болуп саналат.

2. Интеллектуалдык менчиктин объекттерине болгон өзгөчө укуктарды, ошондой эле маалыматты таратууга, берүүгө, пайдаланууга жана башка жол менен иштетүүгө ушул Мыйзамда жана башка мыйзамдарда белгиленген чектөөлөрдү сактоо шарты менен жалпыга жеткиликтүү маалыматты адамдар өз каалоосу боюнча пайдалана алат.

3. Жалпыга жеткиликтүү маалыматтын ээси ал башка субъекттер тарабынан таратылганда мындай маалыматтын булагы катары өзүн көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу.

4. Маалымат, анын ичинде Интернет желеси аркылуу таратылуучу маалымат, аны кайрадан пайдалануу максатында адам тарабынан алдын ала өзгөртүүсүз автоматташтырылган иштетүүгө жол берүүчү форматта болсо, ачык маалыматтар болуп саналат.

**8-берене. Маалымат алуу укугун чектөө**

1. Маалымат алуу укугу мыйзам менен гана жана улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын коргоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында зарыл болгон өлчөмдө гана чектелиши мүмкүн.

2. Маалымат алууну чектөө төмөнкү шарттарды сактоо менен мыйзамга ылайык орнотулат:

1) ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн максаттар үчүн гана, ошондой эле купуя алынган маалыматтын ачыкка чыгарылышына жол бербөө үчүн;

2) маалыматты ачыкка чыгаруу бул максаттарга олуттуу зыян келтириши мүмкүн болгондо.

3. Маалымат алууну чектөө төмөнкүдөй маалыматка карата белгиленет:

1) мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө мыйзам менен аныкталган мамлекеттик сырлар тууралуу;

2) жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзам менен аныкталган жеке мүнөздөгү;

3) ыкчам-издөө иши, кылмыш-жаза процессуалдык иш чөйрөсүндөгү мыйзамда белгиленген учурларда ыкчам-издөө, тышкы чалгындоо жана контрчалгындоо иши тууралуу, кылмыш-жаза иши боюнча өндүрүш жөнүндө;

4) мыйзам менен корголуучу сырды (коммерциялык, банктык, нотариалдык, дарыгерлик, адвокаттык жана башка) камтыган;

5) расмий статистика жөнүндө мыйзамдарда аныкталган расмий статистиканы иштеп чыгууда, даярдоодо жана таратууда колдонулуучу жеке маалыматтар жөнүндө.

4. Купуя маалыматка кирген маалыматтардын тизмеги электрондук башкаруу жөнүндө мыйзамдарга ылайык аныкталат.

5. Ушул берененин 2-бөлүгүнө ылайык чектелген маалымат - алуу мүмкүндүгү чектелген маалымат болуп саналат, ага төмөнкүлөр кирет:

1) купуя маалымат – мамлекеттик сектордун субъекттеринен тышкары, жеке же юридикалык жак тарабынан алуу мүмкүндүгү чектелген жана алардын каалоосу боюнча аныкталган тартипте алар тарабынан каралган шарттарга ылайык таратылышы мүмкүн болгон маалымат;

2) жашыруун маалымат – ушул берененин 2-бөлүгүнө ылайык алуу мүмкүндүгү чектелген, мамлекеттик сырды, кесиптик сырды, банктык сырды, тергөө сырын же мыйзамда каралган башка сырды камтыган маалымат, аны ачыкка чыгаруу адамга, коомго жана мамлекетке зыян алып келиши мүмкүн;

3) кызматтык маалымат – мамлекеттик сектордун субъекттеринин документтеринде камтылган, ведомстволук ички кызматтык корреспонденцияны билдирген, ошондой эле мамлекеттик сырларга кирбеген, өлкөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыкчам-издөө, контрчалгындоо иш процессинде чогултулган маалымат.

6. Эгерде документте алуу мүмкүндүгү чектелген маалымат камтылса, алуу мүмкүндүгү чектелбеген маалыматтын ошол бөлүгү гана таанышуу үчүн берилет.

7. Купуя маалыматка ээ болгон маалымат ээлери аны маалымат алууну чектеген адамдардын макулдугу менен гана тарата алат.

8. Алуу мүмкүндүгү ачылган маалымат ага карата колдонулган ар кандай чектөөлөргө карабастан жашырылууга тийиш эмес.

**9-берене. Алуу мүмкүндүгү чектелүүгө тийиш болбогон маалымат**

Төмөнкүлөр тууралуу маалымат алуу чектелүүгө тийиш эмес:

1) калктын ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч жараткан же жаратышы мүмкүн болгон авариялар, кырсыктар, кооптуу табигый көрүнүштөр жана башка табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдар жана алардын кесепеттери жөнүндө;

2) саламаттык сактоонун, санитариянын, демографиянын, миграциянын, билим берүүнүн, маданияттын, социалдык коргоонун, экономиканын, айыл чарбасынын жана кылмыштуулуктун абалы тууралуу;

3) терроризм жана экстремизм актыларын жасоо фактылары жөнүндө;

4) абанын булганышы, экологиянын, өрт коопсуздугунун абалы, ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык жана радиациялык жагдай жөнүндө, тамак-аш азыктарынын жана тиричилик буюмдарынын коопсуздугу тууралуу;

5) жеке жана юридикалык жактарга мамлекет тарабынан берилүүчү артыкчылыктар, компенсациялар жана жеңилдиктер жөнүндө;

6) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузуу фактылары жөнүндө;

7) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын алтын-валюта резервинин өлчөмдөрү, алтындын экспорту/импорту жөнүндө;

8) мамлекеттик сырды камтыган маалыматтарды копшогондо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын түзүү жана сарптоо жөнүндө; мамлекеттик карыздын учурдагы абалы жөнүндө; мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарын күтүүгө кеткен чыгашалар жөнүндө; мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына финансылык жана башка жардам көрсөтүүчү жактар жөнүндө, бул жактардын макулдугу болгон учурда; резервдик фонддордун чыгымдары жөнүндө;

9) мамлекеттик, муниципалдык мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу же тескөө, мүлктү алуунун шарттары, бул мүлктү алган юридикалык жактардын аталыштары, анын ичинде тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү жөнүндө;

10) мамлекеттик сектордун субъекттери жана алардын кызмат адамдары тарабынан мыйзам бузуулар жөнүндө;

11) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык алуу мүмкүндүгү чектелген маалыматтарды кошпогондо, саясий, социалдык жана башка мотивдер боюнча массалык репрессиялар, анын ичинде архивдердеги материалдар жөнүндө;

12) иши улуттук коопсуздукту камсыз кылууга байланышкан административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарды кошпогондо, саясий, атайын, жогорку административдик мамлекеттик кызмат орундарын, саясий жана жогорку административдик муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын, ошондой эле алардын жакын туугандарынын кирешелери, чыгашалары жана мүлктөрү жөнүндө декларациялар жөнүндө;

13) калк жашаган пункттардын башкы пландары жөнүндө.

### 3-глава. Маалымат алуу чөйрөсүндөгү мамилелердин субъекттери

**10-берене. Субъекттердин тизмеги**

Маалымат алуу чөйрөсүндөгү мамилелердин субъекттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) маалымат ээлери;

2) маалыматты пайдалануучулар.

**11-берене. Маалымат ээлери**

1. Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн маалыматтардын ээлери болуп мамлекеттик сектордун субъекттери, ушул берененин 2-бөлүгүндө белгиленген критерийлерге ылайык келген мамлекеттик эмес сектордун субъекттери таанылат.

2. Мамлекеттик эмес сектордун субъекттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногунда үстөмдүк кылуучу абалды ээлеген, атайын же өзгөчө укукка же табигый монополияга ээ болгон юридикалык жактар товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо шарттарына, алардын баасына жана шарттардын жана баалардын өзгөрүүсүнө тиешелүү маалыматты алуу мүмкүндүгүн берүү бөлүгүндө;

2) катышуунун мамлекеттик же муниципалдык үлүшү жок юридикалык жактар мамлекеттик бюджеттен коомдук пайдалуу милдеттенмелерди аткаруу үчүн бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна тиешелүү маалымат бөлүгүндө.

**12-берене. Маалымат ээсинин милдеттери**

Маалымат ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) маалыматты пайдалануучулардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоого;

2) маалыматты коргоо боюнча чараларды көрүүгө;

3) өз карамагында турган документтердин эсебин системалуу түрдө жүргүзүүгө;

4) маалыматка суроо-талаптын эсебин жүргүзүүгө;

5) маалыматты пайдалануучулардын документтер же алардын көчүрмөлөрү менен иштеши үчүн атайын жерлерди аныктоого, ошондой эле аларга көчүрмө алууга, сүрөткө тартууга, көчүрүп алууга, сканерден өткөрүүгө, ар кандай алып жүрүүчүгө жаздырууга ж.б. укуктарды берүүгө;

6) маалымат алууну камсыз кылуу үчүн атайын түзүмдүк бөлүмдөрдүн же жоопту адамдардын болуусуна;

7) анык, так жана толук маалыматты берүүгө;

8) маалыматты пайдалануучуларга алардын маалымат алуу укугун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүүгө;

9) ушул Мыйзамда белгиленген башка талаптарды аткарууга.

**13-берене. Маалымат алууну камсыз кылууга жооптуу адамдар**

Маалымат ээси анын карамагында турган маалыматты алууну камсыз кылуу үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн же адамдын милдеттерин аныктоого жана ишин камсыздоого жооп берет, анын ичинде маалыматка болгон суроо-талапты канааттандыруу боюнча аны иштеп чыгуу, системалаштыруу, талдоо жана контролдоо жана суроо-талапты тариздөөдө консультация берүү үчүн да жооптуу.

### 4-глава. Маалыматты суроо-талаптын негизинде берүү

**14-берене. Маалыматка суроо-талаптарды жиберүүнүн формалары**

1. Маалыматка суроо-талаптар маалымат ээлерине төмөнкү формада жөнөтүлөт:

1) оозеки түздөн-түз кайрылуу, телефон же интернет аркылуу (мындан ары – оозеки суроо-талап);

2) маалымат ээсине почта же факс (документтин түп нускасын милдеттүү түрдө жиберүү менен), чабарман аркылуу түздөн-түз берилүүчү же байланыштын электрондук каналдары аркылуу берилүүчү жазуу жүзүндөгү суроо-талап.

2. Маалыматты алып жүрүүчүнүн бүтүндүгүнө жана сакталышына зыян келиши мүмкүн болгон учурларды кошпогондо, эгерде суроо-талаптын өзүндө жооп берүүнүн башка артыкчылыктуу формасы түз каралбаса, суроо-талапка жооп ошол суроо-талап жөнөтүлгөн формада канааттандырылат.

Мындай учурларда суроо-талапка жооп маалыматты алып жүрүүчүнүн бүтүндүгүнө жана сакталышына зыян келтирилбеген суроо-талаптын өзүнүн формасына же башка формага ылайык келүүгө тийиш.

*(Уландысы 15-бетте)*

# МААЛЫМАТ АЛУУ УКУГУ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 14-бетте)*

3. Маалымат ээсинин карамагында маалымат эки жана андан көп тилде турган болсо, ал арыз ээси сураган тилде берилет.

**15-берене. Маалымат берүү жөнүндө оозеки суроо-талап**

1. Оозеки түрдө маалымат арыз ээсинин суроо-талабы боюнча берилет.
2. Эгерде оозеки суроо-талапка оозеки жооп арыз ээсин канааттандырбаса, ага жазуу жүзүндө же электрондук түрдө суроо-талап жөнөтүүнүн тартиби, ошондой эле ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык маалымат алуунун башка ыкмалары түшүндүрүлөт.
3. Ар бир оозеки суроо-талап электрондук журналга катталууга тийиш, анда арыз ээси, (жооп алуунун артыкчылыктуу формасына жараша арыз ээси өзү көрсөткөн) байланыш маалыматтары, суроо-талаптын датасы жана убактысы, суроо-талаптын предмети, ошондой эле суроо-талап боюнча оозеки маалымат берген адам жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт.

**16-берене. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талаптын формасы жана мазмуну**

1. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талапта милдеттүү түрдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:
1) суроо-талап жиберилип жаткан органдын аталышы жана (же) маалымат ээсинин кызмат адамынын фамилиясы, инициалдары;
2) жеке жактар үчүн – фамилиясы, аты, атасынын аты, байланыш маалыматтары (арыз ээси өзү көрсөткөн артыкчылыктуу формасына жараша);
3) юридикалык жактар (алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) үчүн – юридикалык жактын (филиалдын, өкүлчүлүктүн) аталышы, байланыш маалыматтары;
4) кандай маалымат берилиши керектигин жана анын бар же жоктугун аныктоого маалымат ээсине мүмкүндүк берүүчү суралган маалыматтын сыпаттамасы.
2. Арыз ээси анын пикири боюнча суроо-талабын иштеп чыгууга жардам берет деп эсептеген башка ар кандай маалыматты бере алат, бирок өзүнүн суроо-талабынын себептерин көрсөтүүгө милдеттүү эмес.
3. Маалымат ээлери жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талаптын типтүү бланкын иштеп чыгууга жана өз орун жайларында, ошондой эле онлайн режиминде – тиешелүү сайтта же тиркемеде аны алууну камсыз кылууга милдеттүү.
4. Арыз ээси өз каалоосу боюнча типтүү бланктын формасын колдонууга же ушул березенин 1-бөлүгүндө каралган талаптарды эске алуу менен суроо-талапты эркин формада берүүгө укуктуу.

**17-берене. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талаптарга жооп берүү мөөнөттөрү**

1. Арыз ээсинин каалоосу боюнча маалымат ээси келип түшкөн суроо-талаптын катталуу номерин жана датасын арыз ээсине берет.
2. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талапка жооп 10 жумуш күндөн кечиктирилбестен берилет.
Мөөнөт суроо-талап алынган күндөн тартып эсептелет жана жооп жөнөтүлгөн күнү аяктайт (почта бөлүмүнө жеткирүү, арыз ээсинин өз колуна, анын чабарманына же өкүлүнө жеке тапшыруу же электрондук түрдө жөнөтүү).
Эгерде суроо-талап башка маалымат ээсине жөнөтүлсө, мөөнөттү эсептөө бул маалымат ээси суроо-талапты алган күндөн тартып башталат.
Белгиленген мөөнөттүн ичинде суроо-талапка жооп даярдоо мүмкүн болбогондо же маалыматтын көлөмүнүн чоңдугуна же үчүнчү жактар менен макулдашууга байланыштуу кыйла кыйынчылыктар болгон учурда, маалымат ээси кийинкиге жылдыруунун себептерин көрсөтүү менен арыз ээсине тиешелүү жазуу жүзүндөгү (электрондук) кабарламаны баштапкы мөөнөт аяктаганга чейин жөнөтүп, суроо-талапка жооп берүү үчүн мөөнөттү кошумча 10 жумуш күнгө чейин узартууга укуктуу.
3. Белгиленген мөөнөттө суроо-талапка жооп бербөө же жооп берүү мөөнөтүн узартуу жөнүндө кабарламанын жок болуусу маалымат берүүдөн баш тартуу деп эсептелет.

**18-берене. Жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талапты кароонун жана канааттандыруунун тартиби**

1. Маалыматка болгон ар бир суроо-талап маалымат ээси тарабынан датаны, арыз ээсинин байланыш маалыматтарын, суроо-талаптын предметинин кыскача туюндурмасын көрсөтүү менен ал келип түшкөн күнү катталат жана маалымат алууну камсыз кылуу үчүн жооптуу адамга өткөрүп берилет.
2. Катталгандан кийин суроо-талап суралган маалыматты издөө жана жооп үчүн зарыл документтердин топтомун түзүү үчүн жооп даярдоого жооптуу адамга жиберилет.
Жазуу жүзүндөгү (электрондук) суроо-талаптарга жооптор толук болуп, кайталап суратуу зарылдыгын жаратпоого тийиш.
3. Суроо-талапка берилген жооп төмөнкүлөрдү камтыйт:
1) суроо-талаптын предметинин кыскача туюндурмасы, берилүүчү маалыматтын жана документтердин тизмеги, суроо-талапты аткаруучунун фамилиясы, инициалдары жана кызмат орду, жоопко кол коюлган дата камтылган жооптуу адамдын суроо-талапты аткарганы жөнүндө маалыматы;
2) берилүүчү жазуулар, Интернет тармагында, анын ичинде маалымат ээсинин сайтында жеткиликтүү маалыматтын электрондук версияларына шилтемелер, ошондой эле берилүүчү документтердин көчүрмөлөрү же алар боюнча маалымдамалар;
3) маалыматты бергендиги үчүн акынын өлчөмү жана аны алуунун тартиби жөнүндө маалымат (маалымат берүү акы төлөнүүчү негизде жүзөгө ашырылган учурларда);
4) ушул Мыйзамдын бузулушу жөнүндө даттанууларды кароого ыйгарым укуктуу органдардын аталышын жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен суроо-талапка берилген жоопко даттануунун негиздери, мөөнөттөрү жана тартиби.

**19-берене. Маалымат алуунун кошумча кепилдиктери**

1. Эгерде суратылган маалымат башка маалымат ээсинин карамагында турган болсо, анда арыз ээсинин суроо-талабы келип түшкөн датадан тартып үч жумуш күндүн ичинде суроо-талап алгач ага келип түшкөн маалымат ээси суроо-талапты тийиштүү маалымат ээсине кайра жөнөтөт жана бул тууралуу арыз ээсине кабарлайт, бул тууралуу каттоо журналында белгиленет.
2. Эгерде суратылган документтер элге жарыя кылынган болсо, анда жоопту даярдоого жооптуу адам жоопто маалымат элге жарыяланган тийиштүү булакка шилтеме кылууга укуктуу. Ошону менен бирге суроо-талапка берилген жоопто милдеттүү документтерден тышкары, маалымат элге жарыя кылынган тийиштүү булактын реквизиттери көрсөтүлөт.

**20-берене. Маалыматты берүүгө байланышкан чыгымдар**

1. Суроо-талаптарга жоопторду даярдоо ушул березенин 2-бөлүгүндө белгиленген учурларды кошпогондо, маалымат ээлери тарабынан акысыз жүзөгө ашырылат.
2. Он беш беттен ашкан көлөмдөгү документтерди жана материалдарды же алардын бөлүктөрүн көчүрмөлөөнү талап кылган маалыматты берүү жөнүндө суроо-талаптар үчүн көчүрмөлөө кызматтарынын өздүк наркынан ашпаган акы алынышы мүмкүн.
Мамлекеттик сектордун субъекттери тарабынан маалымат берилген учурда, көчүрмөлөө кызматтарынын наркынын бирдиктүү реестри, стандарттары жана прейскуранты жана аларды төлөө шарттары, анын ичинде калктын социалдык аярлуу категорияларын акы төлөөдөн бошотуунун шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**21-берене. Суратылган маалыматты берүүдөн баш тартуу үчүн негиздери**

1. Суроо-талап боюнча маалымат берүүдөн төмөнкүдөй учурларда баш тартылууга тийиш, эгерде:
1) суратылган маалымат ушул Мыйзамдын 8-беренесине ылайык алуу мүмкүндүгү чектелген маалыматтын категориясына кирсе;
2) суроо-талап ушул Мыйзамдын 16-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган талаптарга ылайык келбесе, жоопту берүүгө жооптуу адам тарабынан арыз ээсине мындай кемчиликтерди четтетүү боюнча жардам сунушталган шартта;
3) ошол эле арыз ээсинин ушундай эле суроо-талабы, же ошол эле арыз ээсинин ушундай эле суроо-талабы боюнча маалыматка кыйла дал келген суроо-талап башка маалымат ээсинин кароосунда турган болсо же ал боюнча акыркы үч айдын ичинде жооп берилсе;
4) суралган маалымат бул маалымат ээсинин карамагында болбосо же болууга тийиш эмес болсо.
2. Маалымат берүүдөн баш тартуу төмөнкү маалыматтарды камтыйт:
1) суралып жаткан маалыматтын кыскача сыпаттамасы, маалыматты берүүдөн баш тартууга негиз болгон мыйзамдардын ченемдерине конкреттүү шилтемелер, жоопту берүүгө жооптуу адамдын фамилиясы, инициалдары жана кызмат орду;
2) ушул Мыйзамдын ченемдеринин бузулушу жөнүндө даттанууларды кароого ыйгарым укуктуу органдардын аталышын жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен суроо-талапка берилген жоопко даттануунун негиздери, мөөнөттөрү жана тартиби.

**5-глава. Мамлекеттик сектордун субъекттеринин иши жөнүндө маалыматты элге жарыялоо**

**22-берене. Расмий маалымат берүү**

1. Расмий маалымат аны мамлекеттик сектордун субъектинин веб-сайтында же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ыкма менен элге жарыялоо аркылуу берилет. Расмий маалымат алуунун башка ыкмалары кошумча каралышы мүмкүн.
2. Расмий маалымат берүү төмөнкүлөрдү элге жарыялоо аркылуу жүзөгө ашырылат:
1) белгиленген жарыялоо тартибин жана мөөнөттөрүн сактоо менен ченемдик укуктук актыларды;
2) мамлекеттик сектордун субъекттеринин учурдагы чечимдери жана расмий окуялары жөнүндө маалыматты;
3) кабыл алынган чечимдер, анын ичинде жарандарга, юридикалык жактарга жаңы милдеттерди жүктөөчү, жоопкерчиликти белгилөөчү же күчөтүүчү ченемдик укуктук актылар боюнча маалыматтык түшүндүрүүлөрдү;
4) мамлекеттик сектордун субъекттеринин иш натыйжалары жөнүндө ар жылдык баяндамаларын;
5) мамлекеттик сектордун субъекттеринин ченемдик укуктук актылардын майнаптуулугуна жана натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары жөнүндө ар жылдык отчетторун, ошондой эле мамлекеттик программаларды ишке ашыруу жөнүндө отчетторун;
6) процесстик мыйзамдарда жана ушул Мыйзамда белгиленген талаптарды сактоо менен иштин маңызы боюнча белгиленген формада чыгарылган соттук актылардын тексттерин;
7) башка маалыматтык материалдарды.

**23-берене. Учурдагы чечимдер жана расмий окуялар жөнүндө маалыматты элге жарыялоо**

1. Мамлекеттик сектордун субъекттери төмөнкүлөр боюнча расмий маалыматты элге жарыялайт:
1) мамлекеттик сектордун субъекттеринин жетекчилеринин жана орун басарларынын кызматка киришүүсү же кызматтан бошотулуусу;
2) республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, ошондой эле мамлекеттик сектордун субъекттеринин бюджеттерин кабыл алуу, республикалык жана жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын, анын ичинде коммуналдык жана башка төлөмдөрдүн ставкаларын жана төлөө тартибин өзгөртүү;
3) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктүк объекттерди башкаруу боюнча укуктук актыларды кабыл алуу;
4) жер ресурстарын бөлүштүрүүгө байланышкан укуктук актыларды кабыл алуу;
5) толугу менен же жарым-жартылай чет өлкөлүк юридикалык жактын менчигинде турган объекттерди курууга байланышкан укуктук актыларды кабыл алуу;
6) мамлекеттик сектордун субъектинин каалоосу боюнча эл аралык келишимдерди түзүү жана аларды аткаруунун жүрүшү;
7) адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген өзгөчө кырдаалдарды жоюу үчүн көрүлгөн чаралар;
8) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кол коюуга жиберген мыйзамдын ага каршы пикири менен Кыргыз Республикасынын Президенти тараптан кайтарып берилишинин себептери;
9) ченемдик укуктук актылардын долбоорлору түшүндүрмө кыскача каты (бар болсо) жана аларга салыштырма таблицалары (ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор киргизилген учурларда) менен бирге, адистештирилген экспертизалардын корутундулары жана ишкердиктин субъекттеринин эксперттик корутундулары (бар болсо), мыйзамдарда каралган тартипте аларды коомдук талкуулоонун аяктагандыгы жөнүндө отчеттор.
2. Чечимдерди, анын ичинде жарандарга, юридикалык жактарга жаңы милдеттерди жүктөөчү, жоопкерчиликти белгилөөчү же күчөтүүчү ченемдик укуктук актыларды кабыл алган мамлекеттик сектордун субъекттери же болбосо компетенциясына ушул чечимдерде көтөрүлгөн маселелер кирген мамлекеттик сектордун субъекттери маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү камсыздайт.

**24-берене. Иштин натыйжалары жөнүндө ар жылдык баяндамалар**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин өлкөдөгү иштердин абалы жөнүндө Кыргыз Республикасынын элине ар жылдык кайрылуусун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениинин) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү иштердин абалы жөнүндө баяндамаларын элге жарыялоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан камсыз кылынат.
2. Мамлекеттик сектордун субъекттери отчеттук мезгил ичиндеги өз иши жөнүндө баяндамаларды элге жарыялайт, аларда отчеттук мезгил ичинде социалдык-саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө болуп өткөн өзгөрүүлөрдүн динамикасы, атап айтканда бюджеттик каражаттарды чыгымдоо, республикалык бюджетке жана жергиликтүү бюджеттерге салыктык түшүүлөрдүн булактары жана көлөмү, рыноктун айрым секторлору боюнча өндүрүштүн жана керектөөнүн көлөмү, ички жана тышкы инвестициялардын көлөмү, кылмыштуулукка каршы күрөшүү, саламаттыкты сактоо, калктын миграциясы, экология сыяктуу багыттар боюнча, ошондой эле өздөрүнүн ишинин башка багыттары боюнча негизги статистикалык көрсөткүчтөр чагылдырылат.

**25-берене. Суроо-талап боюнча соттук актыларды элге жарыялоо жана берүү**

1. Ар бир адам иштин маңызы боюнча кабыл алынган жана сот тарабынан эл алдында жарыя кылынган соттук актыларды кандай ыкма менен болсо да, анын ичинде аларды басма сөз басылмаларында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо, жыйнактарды же электрондук маалымат базаларын түзүү жолу менен толук же жарым-жартылай жарыя кылууга укуктуу.
2. Соттук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген соттук актыларды басма сөз басылмаларында жарыялоо кошумча күбөлөндүрүүсүз жүргүзүлөт. Соттук актылардын тексттеринин мазмунун бурмалоого жол берилбейт. Соттук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген соттук актыларды жарыялоо ушул Мыйзамдын талаптарына да жооп берүүгө тийиш.
3. Ар бир адам ушул Мыйзамдын 17-беренесинде каралган мөөнөттөрдө соттук актынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн алууга укуктуу.

**26-берене. Соттук актыларды элге жарыялоого карата негизги талаптар**

1. Иштин маңызы боюнча кабыл алынган жана эл алдында жарыяланган соттук актылардын тексттери жалпыга жеткиликтүү болуу үчүн ачык жана ушул березенин 2, 3, 5 жана 6-бөлүктөрүндө каралган ченемдерди эске алуу менен элге жарыяланат.
Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдеринин жана корутундуларынын тексттери толук көлөмдө элге жарыяланат.
2. Жалпыга жеткиликтүү болуу үчүн ачык соттук актылардын тексттеринде, ошондой эле суроо-талап боюнча берилген соттук актылардын көчүрмөлөрүндө жакты (жеке же юридикалык жакты) идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтарды ачыкка чыгарууга болбойт. Мындай маалыматтар инициалдар, литердик же санариптик белгилер менен алмаштырылат.
3. Ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жалпыга жеткиликтүү болууга тийиш болбогон маалыматтарга төмөнкүлөр кирет:
1) жеке адамдын аты, атасынын аты, фамилиясы;
2) жеке жактын жашаган же турган жеринин дареги, анын телефондорунун же башка байланыш каражаттарынын номерлери, электрондук почтасынын дареги;
3) паспорттук маалыматтар, жеке номерлер (коддор) жана жеке жактардын жарандык абалынын актыларынын жазууларына тийиштүү маалыматтар;
4) транспорт каражатынын техникалык паспортунун маалыматтары;
5) ага каршы соттук талаптар сот тарабынан мыйзамсыз жана негизсиз деп таанылган юридикалык жактын аталышы жана идентификациялык номери;
6) жакты идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү маалымат.
4. Ушул березенин 2 жана 3-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн маалыматтарга төмөнкүлөр кирбейт;
1) соттук актыны кабыл алган судьянын же соттук коллегиянын курамынын фамилиясы жана инициалдары;
2) эгерде прокурор жана адвокат соттук териштирүүгө катышса, алардын фамилиялары жана инициалдары;
3) өздөрүнүн ыйгарым укуктарын аткаруу менен соттук териштирүүгө катышкан мамлекеттик сектордун субъекттеринин кызмат адамдарынын фамилиялары жана инициалдары;
5. Соттук актылардын реквизиттерин, киришүү жана резолюциялык бөлүктөрүн кошпогондо, териштирүү жабык соттук жыйналыштарда жүргүзүлгөн иштер боюнча кабыл алынган соттук актылардын тексттери элге жарыялануга жатпайт.
6. Териштирүү жарым-жартылай жабык соттук жыйналыштарда жүргүзүлгөн иштер боюнча кабыл алынган соттук актылардын тексттеринде жабык соттук жыйналыш үчүн негиз болуп саналган маалыматтар элге жарыяланбайт.

**27-берене. Маалыматтык материалдарды элге жарыялоо**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аткаруу бийлик органдарынын түзүмү жана алардын иштөө тартиби жөнүндө жыйынтыкталган маалыматтык материалдарды элге жарыялайт. Жыйынтыкталган маалыматтык материалдарда мамлекеттик бийлик органдарынын түзүмдөрүнүн сыпатталышы, анын ичинде алардын негизги ыйгарым укуктары жана башкаруу предметтери, ошондой эле алардын жетекчилеринин фамилиялары, алардын жумушчу телефондору, кызматтык даректери, калк менен иштөө режими камтылат.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же анын тапшырмасы боюнча башка аткаруу бийлик органы тарабынан маалымдамалар (жыйнактар) түрүндөгү расмий маалыматтык материалдарды элге жарыялоо каржыланат. Ушул березенин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маалыматтан тышкары, расмий маалымдама басылмаларда ишинин максаты жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, жарандарды тейлөө болуп саналган башка мамлекеттик органдардын, ошондой эле коомдук бирикмелердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, юридикалык консультациялардын, нотариустардын, китепканалардын, окуу жайлардын, коммуналдык кызматтардын жана башка уюмдардын иш чөйрөсү, аталыштары жана даректери жөнүндө маалыматтар камтылат.
3. Расмий маалымдама басылмалардын кайра басыла турган мөөнөтү аларда камтылган маалыматтын актуалдуулугунун сакталып турушуна жараша эсептелет. Маалымдамалардын тиражы мурдагы мезгилде таратылган нускалардын санынын негизинде аныкталат. Маалымдамалар жалпыга маалымдоонун басылма каражаттарын чекене сатуу пункттарында сатып алуу үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.

**28-берене. Мамлекеттик сектордун субъекттеринин маалыматты таратууну камсыз кылуу боюнча милдеттери**

Соттордон тышкары, мамлекеттик сектордун субъекттери төмөнкүлөр жөнүндө маалыматты жеткиликтүү формада элге жарыялоого милдеттүү:
1) өздөрүнүн функциялары, тапшырмалары, ыйгарым укуктары жана милдеттери жөнүндө;
2) бюджеттик каражаттар тууралуу, атап айтканда:
а) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору;
б) бекитилген республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
в) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын пайдалануу, мамлекеттик сектордун субъекттеринин катышуусу менен жүзөгө ашырылуучу долбоорлор жана иш-чаралар боюнча техникалык жардамдын (көмөктөшүүнүн) каражаттарынын чыгымдалышы;
г) бюджеттик отчеттуулук;
д) мамлекеттик аудиттин жана финансылык контролдун натыйжалары;
е) жарандык бюджет;
ж) бюджеттик программалардын долбоорлорун жана бюджеттик программалардын ишке ашырылышы жөнүндө отчетторду коомдук талкуулоону өткөрүүнүн мөөнөттөрү жөнүндө калкка кабарлоого багытталган маалыматтык билдирүүлөр, пресс-релиздер;
3) мамлекеттик сектордун субъектинин учурдагы иши жөнүндө:
а) стратегиялык пландар жана алардын ишке ашырылышы жөнүндө отчеттор;
б) аймактарды өнүктүрүү программалары жана алардын ишке ашырылышы жөнүндө отчеттор;
в) мамлекеттик жана тармактык программалар, концепциялар, доктриналар, стратегиялар, тиешелүү тармакты өнүктүрүү пландары, ошондой эле алардын ишке ашырылышы жөнүндө отчеттор;
г) тармактын (чөйрөнүн) өнүгүүсүнүн абалын жана динамикасын мүнөздөгөн статистикалык маалымат жана көрсөткүчтөр;

*(Уландысы 18-бетте)*

АКТУАЛДУУ МАЕК
www.erkin-too.kg

«Мамкартография» геодезия жана картография боюнча мамлекеттик мекемесинин директору Абдулат МЫРЗАЕВ:

# “БИРДИКТҮҮ ТЕХНИКАЛ
# САЯСАТТЫ ИШКЕ АШЫР

Чоң жоопкерчиликти, кесипкөйлүктү, кашкөйлүктү талап кылган кесипте Ата Журтун чындап сүйгөн, мекенчил инсандар эмгектенип келе жатышат. Алардын сап башында биздин маектешибиз Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы «Мамлекеттик картография» геодезия жана картография мамлекеттик мекемесинин директору Мырзаев Абдулат Абдираимович дагы бар.



Алгачкы эмгек чыйырын ал кездеги Фрунзе атындагы колхоздо бригадирдин жардамчысы, андан соң 1992-жылы ага агроном, ал эми 1993-жылдан 1994-жылга чейин башкы агроном болуп эмгектенген. 1994-жылы колхоз, совхоздор реформа болуп жоюлгандыгына байланыштуу, 1995-жылдан баштап Кербен айыл округунда жер маселелерин жөнгө салуу боюнча жетектөөчү адис болуп 2000-жылга чейин иштеген. 2000-жылдан баштап Аксы райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгынын башчысы болуп дайындалат. Ошондой эле кыргыз-өзбек чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча түзүлгөн мамлекеттик комиссиясынын мүчөсү болуп кабыл алынган. 2006-жылы которуу (ротация) жолу менен Аксы районунан Ала-Бука районуна райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгына жетекчи болуп дайындалган. 2001-жылы Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин юриспруденция адистиги боюнча окууга тапшырып, аталган окуу жайды 2006-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган.

Кесиптик ийгиликтерге жетишүү менен Кербен шаардык кеңешинин депутаты, бир нече жолу райондук жана республикалык сынактарда “Мыкты жетекчи” аталып, Мамлекеттик каттоо кызматынын “Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо депертаментинин отличниги” төш белгиси менен, Чек ара маселесинде жүргүзгөн алгылыктуу аракеттери үчүн “Чек ара кызматынын отличниги” төш белгиси менен ошондой эле райондук, облустук жана республикалык жетекчиликтер тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. Ала-Бука райондук кеңешинин депутаттарынын чечими менен Ала-Бука районунун “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылган. 2016-жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгына карата көп жылдык үзүрлүү эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Ардак грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле 2018-жылдын 7-мартында чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо аракеттерине кошкон салымы эске алынып Кыргыз Республикасынын Премьер-министрининен “Алкыш” алган.

2018-жылдын 27-мартында Базар-Коргон райондук жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгына которуу (ротация) жолу менен жетекчи болуп дайындалган. 2018-жылдын 13-августунан тартып Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинде кадастрдык картография-ГИС жана мамлекеттик чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча башкы адис, 2019-жылдын 15-октябрынан баштап Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигине караштуу Мамлекеттик “Кадастр” ишканасынын жерге жайгаштыруу бөлүмүндө жер маселелери боюнча жетектөөчү адис, 2020-жылдын 10-октябрынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин алдындагы Жер ресурстары кызматынын директору болуп иштеген. Учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы «Мамлекеттик картография» геодезия жана картография мамлекеттик мекемесинин директору кызматын аркалап келе жатат.

## МАЕКТЕШ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

**Мырзаев Абдулат Абдираимович азыркы Аксы (мурдагы Жаңы-Жол районуна караштуу Караван кыштагында) районуна караштуу Кербен шаарында 1967-жылы 7-апрелде төрөлгөн. Орто мектепти аяктагандан соң 1984-жылы мамлекеттик экзамендерди ийгиликтүү тапшырып, Ташкент шаарындагы Айыл чарба институтунун агрономия факультетинин студенти болуп калат. Экинчи курсту аяктагандан кийин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп, кайрадан аталган жогорку окуу жайдан окуусун улантып, 1991-жылы жогорку окуу жайды мыкты баалар менен аяктаган.**

**- Абдулат Абдираимович, акыркы жылдарда мамлекеттик мекемеде структуралык өзгөрүүлөр болуп жатат. Ошондуктан, сиз башкарган мекеменин тарыхына кыскача токтолуп кетсеңиз...**

- Жакшы болот. Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 6-мартындагы жарлыгы менен мурдагы Топография-геодезиялык жана Кыргыз аэрогеодезиялык ишканасынын базасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геодезия жана картография боюнча «Кыргызгеодезия» мамлекеттик агенттиги түзүлгөн.

1998-жылы «Кыргызгеодезия» Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин (Кыргыз Республикасынын Мамкаттоосу) курамына кирген. Андан ары баш ийген түзүм катары түрдүү министрлик жана ведомстволорго баш ийип келсе, жакында эле Президенттин Указынын негизинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы «Мамлекеттик картография» геодезия жана картография мамлекеттик мекемеси болуп кайра уюшулду.

**- Мамкартографиянын негизги милдеттери тууралуу айтып берсеңиз.**

- Мамлекеттик картография Кыргыз Республикасындагы картографиялык материалдарды берүүчү, түзүүчү жана топографиялык, геодезиялык жана картографиялык иштерди комплекстүү түрдө жүргүзгөн жалгыз уюм болуп саналат. Мамлекеттик мекеменин негизги максаты – Республиканын экономикасын жана коргоонуусун картографиялык продукция, топографиялык-геодезиялык маалымат жана материалдар менен камсыздоо максатында мамлекеттик топография-геодезиялык иштерди өнүктүрүү.

- Геодезиялык торчолорду Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы "Бирдиктүү мамлекеттик координаттар системасын түзүү жөнүндө" токтомуна ылайык (Kyrg-06) реконструкциялоо: учурдагы нөлдүк жана биринчи катардагы GPS-торчосунун жыштануу пункттарында координаттарды жана бийиктиктерди спутниктик аныктоо; 2006-жылдын бирдиктүү координаттар системасында (Kyrg-06) Кыргыз Республикасынын аймагына карата негизги пландык жана бийиктиктик геодезиялык негизин СК-42, СК-95те каталогдоштуруу;
- Заманбап спутниктик жана геомаалыматтык технологияларды колдонуу менен топография-геодезиялык жана картографиялык иштерди өнүктүрүүдө бирдиктүү техникалык саясатты ишке ашыруу;
- Мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча иштерди уюштуруу жана аткаруу; аэрофото-космостук съемкалык материалдардын негизинде ушул иштерди картографиялык камсыздоо;
- Мазмунун аймактын учурдагы абалына системалуу түрдө ылайык келтирүү максатында масштабдуу катардагы карталарды жаңыртуу.

Ведомстволук таандыктыгына жана менчигинин түрүнө карабастан, уюмдар тарабынан топография-геодезиялык жана картографиялык иштердин туура жүргүзүлүшүнө мамлекеттик геодезиялык көзөмөл жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу.

Мамкартография тарабынан «Кыргыз Республикасынын аймагына карата башкы пландык жана бийиктиктик геодезиялык негизин каталогдоштуруу боюнча мамлекеттик программасы» 1942-жылкы (СК-42) жана 1995-жылкы (СК-95) геодезиялык координаттардын бирдиктүү мамлекеттик системасында аткарылды, масштабы 1 : 200 000



# ЫК
# УУДАБЫЗ"


Долбоорлор ишке ашууда

болгон карта беттерине Кыргыз Республикасынын аймагын камтыган мамлекетттик жыштануу торчосунун (МЖТ) геодезиялык пункттарынын координаттык жана бийиктиктик каталогдору түзүлгөн.

Нөлдүк жана биринчи катардагы GPS-торчону теңөөдөн кийин алгач Кыргызстанда Кыргыз Республикасынын аймагына карата мейкиндиктик спутниктик координаттардын бирдиктүү торчосу алынган. Ал 1,2,3 жана 4-класстагы триангуляция пункттарынын, андан кийин жыштануу торчосунун координаттарынын жана бийиктиктеринин каталогун түзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Ушуга байланыштуу мындан ары өнүктүрүүгө баштапкы база түптөлдү. Ал негизинен триангуляция жана полигометрия торчолорунун бардык пункттарында GPS-байкоолордун жана Кыргызстандын аймагына карата жогорку жана теңелишкен тактыктагы мамлекеттик торчону алуу максатында, алардын натыйжаларын теңөө жолу аркылуу ишке ашырылган. Мындай торчо Кыргыз Республикасынын илиминин жана экономикасынын түрдүү маселелерин чечүүнүн талаптарына жооп берет.

«Кыргыз Республикасынын аймагына карата топографиялык карталарды жаңылоо боюнча мамлекеттик программага» ылайык санариптик карта түзүү ыкмасы менен масштабы 1:10 000 болгон топографиялык карталарды жаңылоо боюнча талаа жана камералык иштер уланууда.

Кыргыз Республикасында өткөрүлүп жаткан мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоонун маанилүү элементи болуп Улуттук мейкиндиктик маалыматтардын инфратүзүмүн түзүү эсептелинет. Бул иштердин алкагында Мамкартография алдыңкы орундарды ээлеп, анын ийгиликтүү ишке ашырылышына бардык аракеттерди көрүүдө.

Картографиянын өнүгүшүндө жана Улуттук мейкиндиктик маалыматтардын инфратүзүмүн түзүү бөлүгүндө да көп иштер аткарылууда.

Базалык карталардын геомаалыматтык порталы (www.kyrgyzmap.kg) түзүлүп, иш алып барууда. Учурда масштабы 1:100000 болгон жана башка тематикалык карталардын сүрөттөлүштөрүнүн негизинде порталды кошумча толуктоолор менен толтуруу иштери жүргүзүлүүдө.

Санариптештирүү иштеринин алкагында Мамкартография тарабынан учурда «Кыргызстандын географиялык аталыштары», «Кыргыз Республикасынын картография-геодезиялык изилденгендиги» сыяктуу автоматташтырылган маалымат системалары иштелип чыккан. Бул сервистердин бир бөлүгү толук түрдө иш алып баруууда, ал эми башка бөлүгү тестирлөөдөн өтүүдө, ошондой эле алардын маалымат базаларын толтуруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

«Кыргызстан Республикасынын картография-геодезиялык изилденгендиги» АМСи Кыргыз Республикасынын картографиялык жана геодезиялык изилденгендиги тууралуу базаны башкаруу, аны тактоо жана толуктоо үчүн түзүлгөн. Ал керектөөчүлөрдүн кеңири санына картографиялык жана геодезиялык изилденгендик жөнүндө маалыматка эркин жетүүгө мүмкүндүк берет.

Системаны түзүүнүн негизги максаты болуп Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик картография-геодезиялык фонддун бардык маалыматтарын жана материалдарын оцифровкалоо (электрондук түргө өткөрүү) үчүн мүмкүнчүлүктөрдү (шарттарды) түзүү эсептелинет.

«Кыргызстандын географиялык аталыштары» АМСи өзү аркылуу Кыргыз Республикасынын аймагына карата географиялык объекттердин аталыштарынын бирдиктүү базасын көрсөтөт.

Автоматташтырылган маалымат системалары Мамкартографиянын геопорталы – KYRGYZMAPта жайгаштырылган.

Порталда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Чүй, Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Ош облустарынын өрөөндүк зоналарынын 20 см жана Бишкек шаарынын 10 см кеңейтүүдөгү (разрешениядагы) ортофотопландары жайгаштырылган.

**- Сиз жетектеген мекеменин Эл аралык мамилелери кандай болууда?**

